КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
АЛАМҮДҮН РАЙОНУ
ЛЕНИН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН
ЛЕНИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

17 октября 2023 года № 148/37-XXVIII Ленин а.

**“Административдик-аймактык реформаны өткөрүү жана бириктирүүгө макулдук берүү жөнүндө”**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-октябрындагы ПЖ №350 “Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүн өркүндөтүү жана региондорду өнүктүрүү боюнча андан аркы чаралар” жөнүндө Жарлыгын аткаруу максатында, 2023-жылдын 08-августундагы жана 07.10.2023ж. Ленин айылдык аймагынын жашоочулары менен уюштурулган жыйындын протоколдук чечимдерин эске алуу менен, Ленин айылдык аймагынын административдик-аймактык реформалоо боюнча долбоорду карап жана талкуулап, “Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 12-беренесинин негизинде,Ленин айылдык кеңешинин 37-кезектеги сессиясы

**ТОКТОМ кылат:**

1. Аламүдүн районунун айылдык аймактарын бириктирүүдө, Ленин айылдык аймагынын Мыкан, Ленин жана Константиновка айылдары менен Гроздь айылдык аймагынын Лесное, Бирдик,Гроздь, Жогорку Атбаши жана 2-Пятилетка айылдары биригип бир айыл аймак болуусуна макулдук берилсин.
2. Бириккен айылдык аймактардын административдик борбору Ленин айылы деп бекитилсин.
3. Бириккен айылдык аймактын аталышы “Достук айыл аймагы” болуп аталсын.
4. Аламүдүн райондук мамлекеттик администрациясына ушул токтомду ишке ашыруу сунушу берилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө милдети Ленин айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Н. Аалиевге жүктөлсүн.

**Председатель** **Т.Т. Айтиев**